## Дүйнөлүк азык-түлүк рыногу

### Дүйнөлүк азык-түлүк рыногу

2013-жылдын февраль айынын биринчи жарымында дүйнөлүк рыноктордо буудайдын, жүгөрүнүн жана соя өсүмдүгүнүн котировкаларынын бир кыйла төмөндөгөндүгү катталган. Рынок аналитиктеринин пикири боюнча буга көбүнесе, күздүк түшүмгө алгачкы баа берүүлөрдү күтүүдө алынуучу пайданы каттоо максатында, азык-түлүк рынокторунда алып сатарлык позициялардын массалык жабылышынан улам, капиталдын миграциясы түрткү берген.

Буга чейин күтүлүп келгендей эле, 2013-жылдын кыш айынын акырында жана жаз мезгилинде дүйнөлүк рынокто Түндүк жарым шарында күздүктөрдүн абалы боюнча алынган маалыматтар баа динамикасынын негизги факторунан болуп калат. Ошону менен бирге эле, алгачкы баа берүүлөр боюнча 2013-жылдын күздүк түшүмү рынок катышуучуларынын айрым бир кооптонууларын жарата турган болсо да, дан эгинине дүйнөлүк баа динамикасына таасирин тийгизбейт.

**1-сүрөт.** 2012 жылдын азык-түлүк товарларына болгон баанын динамикасы
*(тоннасына АКШ доллары менен)*




2013-жылдын январь айында азык-түлүк баа индексинин орточо мааниси ушул көрсөткүчтүн декабрь айындагы маанисине корректировкаланышына салыштырганда өзгөрбөстөн, 210 пунктту түзгөн. 3 ай катары менен төмөндөгөндөн кийин өсүмдүк майларына/тоң майларга баанын өсүшү калыбына келип, дан эгинине жана кантка баанын төмөндөшүн компенсациялаган. Сүт жана эт азыктарына баа негизинен туруктуу бойдон сакталган.

### Буудай

### АКШ

АКШда күздүк буудайды себүүгө байланыштуу жагдай кыйла татаал бойдон калууда. Алсак, 2013-жылдын баш жагында, Канзаста айдоо үлүшү, "канааттандыраарлык" жана "жакшы" деп баалоого болсо да, жыл башында 24 пайызга чейин, январь айынын акырына карата абал боюнча 20 пайызга чейин төмөндөгөн. Ошол эле учурда, "начар" жана "эң эле начар" деп бааланган айдоо үлүштөрү 31 пайыздан 39 пайызга чейин өскөн. Салыштыруу үчүн карап көрсөк, 2012-жылдын ушул эле мезгилинде АКШнын Улуу түздүктөрүндө күздүк айдоо иши 49 пайызга жетип, 12 пайызы гана "начар" деп бааланган.

Абалы канааттандыраарлыксыз болгон айдоо жерлеринин жалпы

аянты 2013-жылдын январь айынын акырында 69 пайызга жетип, күздүк буудайды айдоонун 5 пайызынын абалы гана "канааттандыраарлык" катары квалификацияланган.

Оклахоманын 92 пайызы, Канзастын 80 пайызы кургакчылыкка дуушар болгон, ал эми бул аймактар АКШнын дан эгиндерин өстүргөн негизги штаттарынан болуу менен жыл сайын түшүмдүн 20 пайызынан көбүрөөгүн берип келишкен. Мындан тышкары, Колорадо, Небраска жана башка агрардык шарттар да кургакчылыктан кыйла жапа чегишкен. Айрыкча, кызыл топурактуу жерлерде айдалган күздүк буудайлар – эң маанилүү азык-түлүк ресурсу, АКШнын маанилүү экспорттук товары айдалуучу жерлер жапа чегүүдө.

Акыркы күндөрү Улуу түздүктөрдө жааган жамгырлар адистердин пикири боюча, буудай айдалуучу жерлердин абалын өзгөртө алган эмес, демек АКШда күздүк эгинден жакшы түшүм алынбай тургандыгы, дан эгинине суроо-талаптын өсүшү жана ички запастын олуттуу кыскарышы жагдайын күтүүгө болот.

*Буудайга жана жүгөрүгө дүйнөлүк баа динамикалары тиркемелердеги 1 жана 2-графиктерде чагылдырылган.*

***Орусия***

2013-жылдын январь айынын акырында дан эгинине баа динамикасы өсүп жаткан трендге бөгөт коюу менен эгинге баа төмөндөөгө ык койгон. 1-февральдан 8-февральга чейинки бир жума ичинде 3-класстагы буудай 75 рубльге (4,5 АКШ долларына), тоннасына 11,775ден 11 400 рубльге чейин арзандаган (378 долларга арзандаган).

Мында буудайга баанын төмөндөшү Урал жана Сибирь региондоруна дээрлик таасирин тийгизген эмес. Буудайга баанын олуттуу өсүшү ушул региондун ун тартуу өндүрүшүнүн жогорку талабына ылайык, Алтай чөлкөмүндө катталган.

Негизинен Россиянын дан эгинин рынокторунда белгисиздик жагдайы орун алууда. Бул бир жагынан – дан эгининен дүйнөлүк баанын төмөндөшү Өкмөт үчүн дан эгинин импорттоого алымдарды (пошлинаны) тезирээк белгилөөгө түрткү берсе, экинчи жагынан Россиянын Европа бөлүгүндө буудайга баанын төмөндөшүнүн түптөлгөндүгү, интервенцияларды эске алганда да баанын өсүшү уланып жаткан Азия бөлүгүндөгү баага эч кандай таасир этпэй тургандыгы кала берет.

Россия өкмөтүнүн дан эгинине алымдарды нөлгө теңештирүү чечими 2013-жылдын 1-чейрегинин акырына чейин күчүнө кире тургандыгын Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн вице-премьери маалымдаган. Мындай сунуш 2013-жылдын 1-февралында Экономикалык өнүктүрүү министрлиги тарабынан сунушталган. Бул ведомство буудайга, күздүк кара буудайга, арпага жана жүгөрүгө 2013-жылдын 1-августка чейинки мезгилге бажы алымынын чендерин алып салууну сунуштаган.

Бирок Россия бул маселени өз алдынча чече албай тургандыгы маалым. Үч өлкөнүн Бажы союзу шартында дан эгинине импорттук алымдардын алынып салынышы маселеси Европа экономикалык комиссиясына кирген ошол өлкөлөрдүн тиешелүү органдарынын компетенциясына кирет. Дан эгинин импортуна алымды алып салуу маселесин Россияга Казакстан жана Беларусь менен биргеликте чечүүгө туура келет. Ал эми Бажы союзу аймагына буудайды ташып келүүгө алымдын алынып салынышы бул өлкө үчүн пайдалуубу? Бул жагдай жалпы дан эгинин рыногуна кандайча таасир этет?

2012- 2013-жылдары күздүк себүү аянттары 16 млн.го жакын Ганы түзгөн. Бул 2011-2012-жылдагы деңгээлден бир аз төмөн. Россиянын Айыл-чарба министрлиги берген баасы боюнча айдоо аянттарынын 90 пайызга жакыны канааттандыраарлык абалда. Кыштын катаал

болгондугуна карабастан, күздүк эгиндин жоготуулары жылдык орточо жоготууларга дал келүү менен болжол менен алганда, 8-9 пайыздан көп болбойт.

Бирок күздүк эгиндин түшүмүнө альтернативалуу баа берүүлөр да орун алууда. Алсак, Россиянын гидромедборборунун директору күздүк эгиндин түшүмү бул жылы күз айларындагы кургакчылыкка кыштын каардуу суук болуп, кардын калың түшүшүнө байланыштуу төмөн болушу мүмкүн деп эсептейт.

Ушул сезондо жаздык себүү аянты 51 млн. Га деңгээлинде болжолдонууда. Ал эми жаздык себүү үрөөнү менен камсыз болуу деңгээли 2012-жылдагыдан жогору болуп, керектөөнүн 96 пайызын канааттандыра алат. Негизинен, Россия Айыл-чарба министрлигин берген баасы боюнча 2012-2013-жылдары дан эгининин түшүмү 95 млн. тонна деңгээлинде күтүлүүдө.

***Казахстан***

2013-жылдын февраль айынын баш жагында Казакстан Республикасынын статистика боюнча агенттигинин маалыматтарына ылайык, азыктык буудай 9,4 млн. тоннаны түзгөн. Ал эми бир ай мурда анын запасы 10,4 млн. тонна чегинде катталган эле. Дээрлик миллион тонна чыгымдалган, бул өткөн айлардын динамикасын сактап калган.

Экспортко жөнөтүү үчүн каралгандар толук сатып өткөрүлгөнгө чейин 3 млн. тоннага жакын калат, мында 2013-жылдын 10-февралына карата абал боюнча Казакстан 4,4 млн. тонна дан эгинин экспорттогон.

Бүгүнкү күндө Россиянын Казакстан буудайын сатып өткөрүү боюнча ири рынокко сунуш менен кайрылышы, рыноктун каныктырылышынын алгачкы белгилерин далилдейт. Жеринен алынган маалыматтар россиялыктардын кызыгуусунун басаңдашын белгилеп жатса, буга Чикагодогу биржаларда котировкалардын төмөндөп жатышы жаңылыгы да пессимизмди жаратууда.

Бүгүнкү күндө буудайды сунуштоо боюнча реалдуу бүтүмгө келишүү баасынан болуп, тоннасына 43,5 – 44,0 миң тенге (292-295 АКШ доллары) баасы эсептелинүүдө. Бирок, рынок катышуучуларынын пикири боюнча дан эгинин сатуучулардын көпчүлүгү тоннасына 50 тенгеге чейинки бааны күтүп жатышат. Мындай жагдай көпкө узабайт, анткени күздүк түшүмдү жыйноого даярдык көрүү жагдайы келип чыгат. Фундаменталдык факторлордун таасири алдында сатып өткөрүү баасы төмөндөйт же болбосо рынок тоннасын 50 миң тенгеге сатып алууга мажбур болот. Бүгүнкү күндө, күздүк эгинден кандай түшүм алынаары белгисиз болуп жаткандыгын эске алганда, фундаменталдык факторлордун таасиринин багытын бирдей чекте аныктоо мүмкүн эмес.

***Кыргызстан***

Кыргыз Республикасында 2012-жылы буудайдан түшүм өткөн жылдагыга караганда 260 миң тоннага аз өндүрүлгөн. Өткөн жылдын жыйынтыгы боюна буудайдын түшүмү 540,5 миң тоннаны түзгөн, бул 259,3 миң тоннага аз болгондугун «Кабар» маалыматтык агенттиги (МА) республиканын Айыл-чарба министрлигин маалыматтарына таянуу менен билдирилген.

> Республикада буудайды айдоо аянттарынын 60 пайызынан көбүрөөгү Чүй жана Ысык-Көл областына туура келет. Чүй областындагы кургакчылыктын жана Ысык-Көл аймагындагы аптаптуу ысыктын орун алышы буудайдын түшүмдүүлүгүнүн төмөндөшүнө кесепеттүү таасирин тийгизген.

2013-жылы Кыргызстанда 800 миң тонна буудай түшүмүн алуу пландаштырылууда. Муну Айыл-чарба министрлигинин маалыматтарына

таянуу менен «KGinform» МА билдирген. Ушул ведомствонун маалыматтарына ылайык, быйылкы жылы 300 миң гектар аянт жерге буудай айдалып, ар бир гектарынан 22 центнерден түшүм алуу күтүлүүдө. Учурда ошондой эле, Казакстанга сүт азыктарын жана этти сунуштоо маселеси чечилүүдө быйылкы жылы Кыргызстан алма жана кургатылган жемиштерди, ошондой эле картофелди өндүрүп алууну арттырууга ниеттенүүдө.

2013-жылдын 15-февралына карата абал боюнча 3-класстагы буудайдын наркы 2012-жылдын сентябрь айынан тарта 2,2 пайызга өсүп, тоннасына 346-362 долларды түзгөн.

**Таблица.** Луговая (Казакстан-Кыргызстан) станциясында буудайга баа динамикасы

*(тоннасына АКШ долл. менен)*

| клейковина | 17.09.2012 | 27.10.2012 | 30.11.2012 | 16.01.2013 | 15.02.2013 |
|---|---|---|---|---|---|
| 23-24 % | 338,0 | 340,0 | 349,0 | 343,0 | 346,0 |
| 27-30 % | 355,0 | 355,0 | 357,0 | 359,0 | 362,0 |

**Күн карама майы**

«Oil World» аналитиктеринин акыркы отчетуна ылайык, 2012-жылы дүйнөнүн алдыңкы экспортер өлкөлөрүнөн (Украина жана Россия) күн карама майын жөнөтүү 2011-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда, бир кыйла көбөйгөн. Алсак, 2012-жылы Украина тышкы рынокко 3,6 млн. тонна азыкты сунуштаган (2011-жылы 2,7 млн. тонна). Ошол эле учурда, Россиядан бул товарларды сунуштоо 1,3 млн. тоннага чейин өсүшкө ээ болгон (2011-жылы 0,5 млн. тонна). Экспорт өлчөмү боюнча үчүнчү дүйнөлүк экспортердон болгон Аргентина мамлекети 2012-жылы күн карама майын бир жыл мурдагы 1 млн. тоннага салыштырганда, болгону 0,86 млн. тоннаны гана жөнөтө алган.

Бул жерде, 2012-жылы күн карама майын ири импорттоочудан болуп Индия мамлекети эсептелинген. Ага 2011-жылдагы 0,85 млн. тоннага салыштырганда, 1,2 млн. тонна ушул азык сунушталган. Негизги импортерлордун ичинен экинчи орунга Европа шериктештигине кирген өлкөлөр чыккан – аларга 1,0 млн. тонна азык жөнөтүлгөн (2011-жылы 0,76 млн. тонна), ал эми үчүнчү орунга 0,9 млн. тонна жөнөтүлгөн Египет ээлеген (2011-жылы 0,4 млн тонна сунушталган).

USDАнын февраль айы үчүн отчетунда 2012-2013-жылдардагы күн карама майынын дүйнөлүк балансы бир аз гана өлчөмдө кайрадан каралган. Жаңы отчетто өндүрүүнүн төмөндөшүнө баа берүүлөр төмөнкүчө жеңилдетилген: өндүрүш божомолдоолору январь айындагы 13,61 млн. тоннадан 13,81 млн. тоннага чейин жогорулатылган. Ошентип, өткөн сезондо дүйнөдө өндүрүлгөн 15,19 млн. тонна өсүмдүк майына салыштырмалуу анын төмөндөөсү бул сезондо 9,9 пайызды түзөт.

Күн карама майын дүйнөлүк алдыңкы 3 экспорттоочулар курамы өзгөрүүсүз калган, ал эми дүйнөлүк рынок көлөмү (экспорттук потенциалы) январь айындагы баа берүүлөргө караганда 6,2 млн. тоннага жогору болгон. Өткөн жылга караганда дүйнөлүк экспорт 200 миң тоннага кыскарат, мында анын жылдык түшүүсү сыяктуу эле, бир аз калыбына келиши россиялык маалыматтар менен байланыштуу жүргөн.

**Украина**

Алдыңкы экспортер үчүн маалыматтар өндүрүш көлөмү жагынан сыяктуу эле (3,375 млн. тонна), 3,3 млн. тоннага бааланган экспорттук потенциал боюнча да өзгөрүү орун алган эмес. Бул маани продукттун бардык дүйнөлүк экспортунун жарымынан көбүн ээлейт жана Украинадан май экспортунун өткөн жылдагы жыйынтыгына караганда 40 миң тоннага арткан.

**Аргентина**

Аргентинада учурда күн карама түшүмүн алуу кызуу жүрүүдө. USDAнын маалыматтары боюнча өткөн жылдагы 785 миң тонна майга караганда 1,1 млн. тонна май тышкы рынокторго сунушталышы мүмкүн.

**Россия**

Бүтүндөй алганда, Департаменттин жаңы отчетунда алдын ала берилген маалыматтарына ылайык, негизги өзгөрүүлөр Россия менен байланыштуу болот. Такталган маалыматтар боюнча, 2012-2013-жылдар ичинде Россия Федерациясы 800 эмес 900 миң тонна күн карама майын экспорттоого мүмкүнчүлүгү бар. Бул өтө маанилүү, өткөн жылдагы жыйынтыктан 37 пайызга (527миң тоннага) төмөн. Россиянын айрым экспорттук мүмкүнчүлүктөрүнүн жогорулашы күн карама майына баа берүүнүн жогорулашынын жана өлкөдө 123 миң тонна май өндүрүлгөндүгүнөн улам келип чыккан.

*Күн карама майына дүйнөлүк баа динамикасы тиркеменин 3-графигинде чагылдырылган.*

<u>**Кант**</u>

Кант рыногунда волатилдүүлүк күч алууда. Нью-Йорк ICE товардык-сырьелук биржада март айындагы иштетилбеген кантка контракт, 2011-жылдын башындагы эң жогорку мааниге караганда 49,7 пайызга төмөндөп, фунтуна 17,94 центти (тоннасына 395 доллар) түзгөн – бул акыркы 30 ай ичинде эң минималдуу деңгээл.

Трейдерлерге олуттуу көмөк Бразилиядан көрсөтүлүүдө, мында ыңгайлуу аба-ырайы шарттары өндүрүштү жогорулатууга жардам берген. «Meteorlogix»тин маалыматтары боюнча өтүп жаткан жума ичинде негизги өндүрүш региондордо жаандын бир аз гана жаашы жана жылуу аба-ырайы күтүлүүдө.

2013-жылдын 15-февралына карата абал боюнча Лондон биржасында кант баасы тоннасына 490,4 доллар чегинде катталган, биржалык тооруктардын мурунку күнүнө карата өзгөрүүсү – 5,1 АКШ долларын түзгөн, ал эми 2013-жылдын башынан тартып баа 5 пайызга төмөндөгөн.

*Кантка жана иштетилбеген кантка дүйнөлүк баа динамикасы тиркеменин 4-графигинде чагылдырылган.*

**Таблица 1.** Азык-түлүк рыногу (2011/2012 маркетинг жылындагы өндүрүштү, керектөөнү, өтүүчү запастарды жана азык-түлүк товарларынын бааларын баалоонун айлык динамикасы)

| | *Өндүрүштү баалоо, млн. тонн* | *Өзгөрүү, % менен* | *Керектөөнү баалоо, млн. тонн* | *Өзгөрүү, % менен* | *Запастарды баалоо, млн. тонн* | *Өзгөрүү, % менен* | *Фьючерс бир тоннасы АКШ долл.* | *Өзгөрүү, % менен* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Дандар (дүйнө)** | 1 762,0 | 0,0 | 1 806,0 | 0,0 | 324,0 | 0,0 | 330,7 | -0,2 |
| **Буудай** | 653,6 | -0,1 | 673,4 | 0,0 | 176,7 | 0,0 | 349,6 | -0,7 |
| ***Кыргызстан*** | 0,7 | 0,0 | 1,3 | 0,0 | - | - | 362,0 | +0,8 |
| ***АКШ*** | 61,8 | 0,0 | 38,1 | +1,8 | 18,8 | -3,5 | 269,2 | -6,3 |
| ***Австралия*** | 22,0 | 0,0 | - | - | 6,3 | 0,0 | - | - |
| ***ЕС-27*** | 131,7 | 0,0 | 121,5 | -0,4 | 10,0 | 0,0 | 327,5 | -1,4 |
| ***Кытай*** | 120,6 | 0,0 | 123,0 | 0,0 | 55,5 | 0,0 | 398,8 | -0,6 |
| ***Россия*** | 37,7 | 0,0 | 34,0 | 0,0 | 5,6 | 0,0 | 378,0 | +1,3 |
| ***Казахстан*** | 9,8 | -6,3 | 6,8 | -2,9 | 13,7 | 0,0 | 362,0 | +0,8 |
| **Жүгөрү** | 854,4 | +0,2 | 867,3 | -0,1 | 118,0 | +1,8 | 299,6 | 0,0 |
| **Күрүч** | 465,8 | +0,1 | 469,3 | +0,2 | 101,9 | -0,5 | 342,9 | 0,0 |
| **Күн карама майы** | 13,8 | +1,4 | 13,3 | -0,1 | 2,3 | +9,6 | 1 321,3 | -0,3 |
| **Кант**[1] | 172,3 | 0,0 | 162,8 | 0,0 | 38,3 | 0,0 | 395,0 | -2,7 |

[1] АКШ айыл-чарба министрлигинин ноябрдагы баалоосу

**График 1. Буудайга болгон дүйнөлүк баалардын динамикасы, 01.05.12-18.02.13** *(бир тоннасы АКШ долл.)*




**График 2. Жүгөрүгө болгон дүйнөлүк баалардын динамикасы , 01.05.12-18.02.13** *(бир тоннасы АКШ долл.)*




**График 3. Күн карама майынын дүйнөлүк баасынын динамик., 01.05.12-18.02.13** *(бир тоннасы АКШ долл.)*




**График 4. Кумшекер жана кумшекер сырьесунун дүйнөлүк баасынын динамикасы, 01.05.12-18.02.13** *(бир тоннасы АКШ долл.)*

